**БЕКИТЕМ**
**№14 орто мектебинин**
**директору**
**А.Д. Казакбаева**
____________________

# Мамлекеттик кыргыз тил кафедрасынын чейрек боюнча анализдери.

# 1-чейрек
# 2-чейрек
# 3-чейрек

**Бишкек шаары №14**

**2022-2023-окуу жылы 1- чейрек**

2022-2023-жылынын биринчи жарымында Бишкек шаарындагы №14 орто мектебинин кыргыз тили кафедрасы көптөгөн коомдук иш-чараларды, конкурстарды өткөрүү менен бирге билим жаатына да өзгөчө көңүл бурулуп жатты.

Айтып өткөн иш-чараларга токтоло турган болсок, Бишкек шаары боюнча Мамлекеттик тилди жайылтуу максатында 15-сентябрда “Мыкты кыргыз тили кабинети” конкурсуна көрсөтүлүп, ага мектептин атынан башталгыч кыргыз класстарынын мугалими Тажимырзаева Ж.А. катышып 2-орунга ээ болду.




2-орун үчүн сыналгы белекке берилди.




Сынакка катышууга мамлекеттик тил кафедрасынын мугалимдери жардам беришти.



23-сентябрь “Мамлекеттик тилдин кабыл алынган күнүнө” карата мектеп алдында линейка өткөрүлүп, ата-энелер дагы катышты. Ал эми кыргыз тили кафедрасынын мугалимдери атайын кыргыз кийим кийишти жана фоеде кыргыз буюмдарынын көрсөтмөсү коюлду.







Мектепте “Улуттук нарк” боюнча фоеде кыргыздын баалуулуктарын тааныштыруу максатында иш-чара болуп өттү.



Сентябрь айында кыргыз тилин өнүктүрүү максатында жалпы мектептин мугалимдери жат жазуу жазышты.

**Бишкек шаары №14**

## 2022-2023-окуу жылы 2- чейрек

Октябрь айында Жаңыбай Кожек уулунун 150 жылдыгына карата мектептин фоесине такта жасалды, тарбиялык саатты 5-к класска Карыбекова Б.М. класстык саат өттү.

Ноябрь айында белгилүү илимпоз, агартуучу Ишеналы Арабаевге 140 жыл аттуу такта жасалды. 3-4 -класстар жат жазуу жазышты, 5- класстар эссе ал эми 6-7- класстар дил баян жазышты. Слайддар жасалып окуучуларга көргөзүлдү.




4-декабрь Манас күнүнө карата “Жаш манасчы-2023” кароо сынагы өткөрүлүп, жеңүүчүлөргө мактоо баракчалары берилди. Октябрь районунун мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча билим берүү уюмунун жетекчиси Турдакунова А.Т. катышты.





9-декабрь №14 орто мектебинде аял затынын гендердик укугун коргоо боюнча “Коркпо, токто, жаша!” аттуу жогорку деңгээлде иш-чара болуп өттү. Иш-чарага Октябрь районунун акими, шаарыбыздын вице-мэри ж.б коноктор келип катышты. 6-7-кыргыз класстарынын окуучулары “Биринчи мугалим” чыгармасынан Алтынайдын кордук көргөн образын мыкты аткарып жана чагылдырып беришти.






12-декабрь айында Ч.Айтматовдун туулган күнүнө карата Ч.Айтматовдун 94 жылдык маарекесине карата кыргыз тилчи мугалимдер Карыбекова Б.М. жана Исаканов К.А. окуучулары менен бирге иш-чара өткөрүштү.

5-б класстын класс жетекчиси: Залина Шабалотовна окуучулары менен Ч.Т. Айтматовтун чыгармаларынан үзүндү аткарышты.




5-к класс Карыбекова Бүсалкын



**Бишкек шаары №14**

**2022-2023-окуу жылы 3- чейрек**

Январь айында Кыргыз тили кафедрасынын мугалимдери Карыбекова Б.М., Сыдыкова Г.М. билимдерин өркүндөтүү максатында квалификацияга ээ болушту.




Ушул эле айда кыргыз класстарынын жалпы ата-энелери чакырылып, чогулуш өтүлдү. Чогулушту Тажимырзаева Ж.А. “Ата-эне, мугалим жана окуучу” деген темада алып барды.





Февралда 21-ФЕВРАЛЬ - ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛ КҮНҮНӨ КАРАТА МУГАЛИМДЕРГЕ ЖЫЙЫН ӨТТҮК, 28 мугалим катышты.15.02 башталгыч класстар арасында АЧЫК САБАК ТЕМА: "Тил достуктун ачкычы" изилдөө долбооруна 4-3- класстар 70 окуучу, мугалимдер катышты.







Эне тил элдин жүрөгү 5-6-7- класстар арасында эки тилде презентация өттү 40 окуучу 10 мугалим. Ырдайлы кыргыз ырларын 8-класстар флешмоб өттү 20 окуучу катышты. Ар бир  класстын мугалимдери "Мамлекеттик тил достуктун жана биримдиктин тили " презентация жасалды. 14 окуучу, 14 мугалим катышты. "Тил билсең, дил билесиң. " 5-10-класстар арасында видео слайддар даярдалып орундар берилди.10 окуучу 10 мугалим эмгектенди. 5-10-класстар арасында 21-ФЕВРАЛЬ ЭЛ АРАЛЫК ЭНЕ ТИЛ КҮНҮНӨ   карата ФЕСТИВАЛЬ өткөрүп, шартты эки тилде: 1) саламдашуу2) каада - салт 3) бий 100 окуучу 12мугалим катышты . 12 окуучуга  активдүү катышкандыгы ,2 окуучуга  биринчи орун,2 окуучуга 2-орун,3 окуучуга 3-орундар  берилип "Тил  - достуктун  ачкычы" деген грамоталар тапшырылды. Жогорудагы иш- чаралардын баарын өткөрүү.




Мектптер арасында өткөрүлгөн “Тил - достуктун ачыкычы” конкруска Азербайжан өлкүсүн  9-класстын окуучулары  Сражидинова А., Келдибекова А. коргоп барышты.

“Эне тил жана руханий маданият” көркөм окуу (поэзия) боюнча райондук кароо сынагына Коломейцева Камила катышты. Жетектеп барган (Б.Кубанычбекова)



Заманбап технологиялар боюнча кыргыз тили жана адабияты мугалимдери Сыдыкова Г.Б. жана Кенжеакун к. А. “Кейс технологиясы” деген темада мугалимдерге презентация жасап, түшүндүрүп беришти.

**Бишкек шаары №14**

**2022-2023-окуу жылы 3 - чейрек**

Март айында “Окуучулардын сабатсыздыгын жоюу үчүн классстардын жат жазуу алуу менен азыркы учурда сабатсыздык (окуучулар арасында) 1-4, 5-8, 9-11-класстардан канчалык деңгээлде төмөн, себеби эмнеде деп мугалимдер арасында ой бөлүштүк.

“ Менин оюм боюнча Америкага барсан, англис тилинде,Россияга барсан, орус тилинде законду турундо сурашат. Эмне учунКыргызстанда жашап жатып кыргызча суйлобошу керек. Ар улут озунун баалуулугун жоготпош керек!!!” - (Исаканов К.)

“Башка улуттагы жана кыргыз болсо да кыргыз тилин такыр билбеген окуучуларга кыргыз тилинде жазуучунун омуру,чыгармачылыгын тушундуруудо кыйынчылыктарды жаратат,анткени кырнызча айтып тушундуруп,кайра балдардын тушунбой калган учурларында орус тилиндеги котормосун беруудо убакыттын ашыкча сарпталышы кажет” - Карыбекова Б.М.

“1.Сабатсыздык томон болгондун себеби,мугалимдердин жазган кагазы коп,сабактарды кызыктуу кылып даярдаганга,дептер текшергенге,ар бир балага конул буруп багыт бергенге ,уйдогу койгойун сурап ,эмнеге кызыгаарын ,эмне себептен уй ишин аткара албай жаткан себебин аныктаганга убактысы жетишпейт .2.Окуучулардын кээ бири жеткиликтуу ,толук кандуу тамактанып келбейт.Курсагы ток бала гана сабакка конулу келип окуйт. (буга ар кандай факторлор себеп: ата-энесинин акчасы жетишпейт,квартирада жашайт,ата-энеси ичет,ата -энеси башка олкого иштеп кетип,туугандарына таштаган ж.б

3. Мобильдик телефондогу оюндар менен алек болгон окуучу,дагы да болсо ата-энеси жеткиликтуу конул буруп,контролдобойт” - Сыдыкова Г.Б.

3-март Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик Туусунун кабыл алынгандыгы белгиленип, ошону менен бирге “Ак калпак күнү” менен бирге салтанаттуу линейка болуп өттү.Линейкага ата-энелер да катышып,мугалимдер ачык сабактарды өтүштү.

Март айында башталгыч класстын мугалими Тажимырзаева Ж.А. жана кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Карыбекова Б.М. заманбап технологиялар боюнча “Традициялык методдун компетенттүүлүгү” теген темада презентация жасап мугалимдерге сабак өтүп беришти.

6-к класс класс жетекчиси: Сыдыкова Гүлүмкан Бейшалиевна



**“Ак калпак” жана “Мамлекеттик Туу” күнүндө өткөрүлгөн линейка**









19 - мартта “Нооруз” майрамына карата мугалимдер арасында иш-чара өтүлдү. Ар бир кафедра кыргыз элинин каада-салтын көргөзүп беришти.





Кезектеги Ноорузду башталгыч класстын мугалимдери уюштуруп беришти.



“Сөйкө салуу” салты



“Баланы бешикке салуу” салты



Мектептин атынан Исаканов К.А. “Баба дыйкандын” образын районго алып чыгып,21-март күнү Борбордук Ала-Тоо аянтында чагылдырып, аткарып берди.



13-мартта “Манас” айтуу боюнча 7-к классынын окуучусу Келдибекова Алина катышып 3-орунга ээ болду. Мектептен “Айкөл Манас” тобу түзүлүп райондук деңгээлде өзүн көрсөтө алды.






Катышкан окуучуларды мектептин директору А.Д. Казакбаева мактоо баракчалары менен сыйлап, ыраазычылыгын билдирди.

